**Кара көз айнекчен кызга**

**Сөзү: Соорунбай Жусуев**

**Обону: Мирланбек Давлатов**

**Аткаруучу: Мирланбек Давлатов**

**Жашырыпсың көзүңдү тийген күндөн,**

**Жамалыңа нур берип сүйгөн күндөн.**

**Гүлдөр сенин көзүңдү карап калчу,**

**Куштар көрүп көзүңдү канаттанчу.**

**Күлүп турган күлүп турган,**

**Күлмүңдөп көздөрүң жанып турган.**

**Жанып турган жанып турган,**

**Көзүңдө сүйүү оту жанып турган**

**Бир көрсөм деп асманда токтоп булут,**

**Кайра жылат көзүңдү жоктоп туруп.**

**Көз айнекте башкалар тагынышсын,**

**Сен тагынып эмнеге жаңылыштың?**

**Сенин көзүң тоо көлү таза турган,**

**Көз эмес да башкаданката турган.**

**Көңүлүмдү эргитип күлмүңдөгөн,**

**Көзүңдө эле үмүтүм бүлбүлдөгөн.**

**Көйкөлөйүн көз нуруң жамынайын,**

**Көз айнексиз карачы кагылайын…**

**Кайырма:**

**2015-жыл**